КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН ОБЛУСУ
ЖУМГАЛ РАЙОНУ
БАЙЗАК АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
БАЙЗАКСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

# ТОКТОМ

**Байзак айыл аймагынын айылдык кеңешинин I- чакырылышынын кезексиз II-сессиясы**

2025-жылдын 25-апрели № 8/4

**Байзак айыл аймагынын айылдык кеңешинин иш-планын бекитүү жөнүндө**

Байзак айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2025-жылга карата иштелип чыккан иш-планын карап талкуулап КРнын 2011-жылдын 15-июлундагы «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» № 101-мыйзамынын_ 4-главасынын 31-беренесинин 2-пунктунун 11-пунктчасына ылайык Байзак айыл аймагынын айылдык кеңешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Байзак айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2025-жылга карата иштелип чыккан иш-планы жактырылсын жана бекитилсин.
2. Байзак айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2025-жылга карата түзүлгөн иш-планын негиз кылып иш алып баруу жагы айылдык кеңештин депутаттарына милдеттендирилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Байзак айылдык кеңешинин мыйзамдуулук, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.
4. Ушул токтом www.gamsumo.gov.kg сайтына жайгаштырылсын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Нарын облустук юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөрүлсүн. Каттоодон өткөрүү Байзак айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Кадырбаев Русланбек Жумагуловичке милдеттендирилсин

**Байзак айыл аймагынын айылдык кеңешинин төрагасы: К.К.Качкынбаев**